# Үч Дүп-Дүп



Автор: Клауди Поттер

Сүрөтчү: Стефен Воллейс

Которгон жана адаптациялаган: Насыпбек Асанбаев

# Үч Дүп-Дүп

Автор: Клауди Поттер
Сүрөтчү: Стефен Воллейс
Которгон жана адаптациялаган: Насыпбек Асанбаев

Book Dash

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*The Three Doof-Doofs*, Copyright © 2017, Stephen Wallace, Claudi Potter, Wynand Botha, Margot Bertelsmann, and BookDash.org түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Үч Дуп-Дуп" (кыргыз тилинде), Насыпбек Асанбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. The Three Doof-Doofs (англисче) чыгарманын негизинде, автору Claudi Potter, сүрөтчүсү Stephen Wallace. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: [https://bookdash.org/books/three-doof-doofs-wynand-botha-stephen-wallace-claudi-potter/](https://bookdash.org/books/three-doof-doofs-wynand-botha-stephen-wallace-claudi-potter/)

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бул эмне?!

Дүп-дүп-дүп деген добуш каяктан чыгат?

– Мышыкпы?

– Чычканбы?

– Же үйгө бирөө келдиби?



– Жок, бул мышыктан жумшак, чычкандан жеңил, сен экөөбүздөн да кичинекей неме окшойт.



– Ооба, булар кадимки үч Дүп-Дүп.

Бул үч татынакай жандыктын бирден эле буту бар.

Алар бир буттап эле секирип жүрүшөт.

Алар секирген сайын жерден дүп-дүп деген үн чыгып турат.

Мына бул Жаку Дүп.

Өзү акылдуу, сезимтал.

Дайыма ойго батып жүрөт.

Кээде түнү менен уф-оф деп ары-бери дүпүлдөп басат.



Жаку Дүп күндүз берки Дүп-Дүптөргө жомок окуп берет.


Анткени алар так ушул маалда уктайт эмеспи.

Чынында, ал жуунганды жактырбайт, бирок китепти окуганды жактырат.



А бул Саку Дүп.

Үч Дүп-Дүптүн ичинен эң кичинекейи, эң татынакайы.



Түндө айлана тынчып мемирей калганда, назик, ичке үнү менен созолонтуп ырдай баштайт.



Ал ар кандай жылтыраган нерселерди жактырат.

Жаркылдаган Саку Дүп ырдагысы эле келип турат.



Баса, сен Маку Дүптү унутуп калган жоксуңбу?

Ал үч Дүп-Дүптүн эң шайыры.

Өтө тамашакөй.

Качан болсо каткырып күлүп жүрөт.

ХА-ХА-ХА-ХА!


Күлкүчү, шайыр Маку Дүп сени ичиң ооруганча күлдүрөт.

Ал берки Дүп-Дүптөрдүн көңүлүн дайыма көтөрүп турат.



Саку Дүп ырдап жатканда, Маку Дүп секирип бийлеп турат.


Эгер сен түндө кандайдыр бир дүп-дүп деген үндөрдү угуп калсаң, билип кой, бул ошол үч Дүп-Дүп.




Алар жалгыз буттары менен дүпүлдөп, бири китеп окуп, бири ырдап, бири бийлеп турат.

– А сен, кичинекейим, жыргап уктай бер.

– Же бир көзүңдү ачып акырын карап көрсөң болот.



Балким, сен татынакай кичинекей жандыктардын дүпүлдөтө секирип бараткандын көрүп каларсың?



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Клауди Поттер

Сүрөтчү: Стефен Воллейс

Которгон жана адаптациялаган: Насыпбек Асанбаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли